## 100105 «МЕЙМАНКАНАЛАРДА ЖАНА ТУРИСТТИК КОМПЛЕКСТЕРДЕ ТЕЙЛӨӨНҮ УЮШТУРУУ» БАГЫТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ

**Адистиги:** 100105-«Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»

**Квалификациясы:** менеджер

**100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жана инсанды тарбиялоо тармагындагы максаттары.**

**Окутуу тармагында** – 100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты: конокторду тосуп алууну, тейлөөнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонууну билген, мейманканаларда, конок үйлөрүндө, туристтик комплекстерде тейлөө процессин уюштурууга, тематикалык кечелерди өткөрүүгө, мейманкана кызматтарынын ишин уюштурууга, конокторду тейлөөнүн сапатына контролдук кылууга жөндөмдүү, кызыкдар тараптардын – иш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык, эмгек рыногунда ийгиликтүү иштөөгө жана атаандашууга мүмкүндүк берүүчү жалпы жана кесиптик компетенциялары өнүккөн орто звенодогу квалификациялуу адис-менеджерди даярдоо болуп саналат.

**Инсанды тарбиялоо тармагында** – 100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаты:

- максаттуулук жана уюштуруучулук;
- эмгекчилдик жана жоопкерчилик;
- жарандуулук, коммуникативдүүлүк жана толеранттуулук;
- жалпы маданиятты жогорулатуу.

**100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» орто кесиптик билим берүү адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:**

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө;
- тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын тездетилген программалар боюнча өздөштүрүүгө.

**100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» багыты боюнча окуу программасынын натыйжалары**

100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу» адистиги боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчү төмөнкү билимдерге, көндүмдөргө жана кесиптик компетенцияларга ээ болушу керек:

1. **Жалпы окутуу натыйжалары**

Бүтүрүүчү:

- кесиптик этиканын, иштиктүү баарлашуунун жана сервис маданиятынын негиздерин билиши;
- командада иштей билиши жана кардарлар, кызматкерлер менен натыйжалуу өз ара аракеттениши;
- эмгекти коргоо талаптарын, санитардык-гигиеналык ченемдерди жана коопсуздук техникасынын эрежелерин сакташы;
- кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонушу;
- мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин кесиптик баарлашууга зарыл болгон деңгээлде билиши;
- үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүгө жана өз алдынча билим алууга даяр болушу керек.

2. **Кесиптик окутуу натыйжалары**

Адистик боюнча бүтүрүүчү төмөнкүлөргө жөндөмдүү:

- мейманканаларда жана туристтик комплекстерде конокторду тейлөө процесстерин уюштурууга жана көзөмөлдөөгө;
- белгиленген стандарттарга ылайык конокторду кабыл алууну, жайгаштырууну жана чыгарууну ишке ашырууга;
- тейлөө сапатынын стандарттарын колдонууга жана сервистин жогорку деңгээлин камсыз кылууга;
- броньдоо системалары, документация жана отчёттуулук менен иштөөгө;
- кабыл алуу жана жайгаштыруу кызматынын, номердик фонддун жана кошумча кызматтардын кызматкерлеринин ишин координациялоого;
- конфликттик кырдаалдарды чечүүгө жана кардарлардын доомattары менен иштөөгө;
- коопсуздук эрежелеринин, санитардык ченемдердин жана меймандостук стандарттарынын сакталышын камсыз кылууга;

- туристтик жана мейманкана кызматтарын пландаштырууга жана уюштурууга катышууга;
- кардарлардын муктаждыктарын талдоого жана кошумча кызматтарды сунуштоого;
- өнөктөштөр жана кардарлар менен иштиктүү кат алышууга жана кесиптик баарлашууга.

### 3. Практикалык окутуу натыйжалары

Практикалык даярдыктын жүрүшүндө бүтүрүүчү төмөнкүлөрдү билиши керек:

- кесиптик көндүмдөрдү мейманканалардын жана туристтик комплекстердин реалдуу шарттарында колдонууну;
- кассалык, эсептик жана маалыматтык системалар менен иштөөнү;
- кардарларды тейлөө боюнча документацияларды тариздөөнү;
- корпоративдик стандарттарды жана тейлөө ченемдерин сактоону;
- меймандостук чөйрөсүндөгү иш шарттарына көнүүнү.

Бүтүрүүчү мейманкана жана туристтик сервис чөйрөсүндө кесиптик ишмердүүлүккө даяр жана мейманканаларда, туристтик комплекстерде жана меймандостук индустриясынын ишканаларында менеджер (администратор) кызматтарын ээлөөгө жөндөмдүү.